Текст песни Эмил Балтагулов "Досторго"

Талантым тоо томкоруп кетсе дагы,
Ташкындап ай-ааламга жетсе дагы.
Каалабайм досторум жок өткөн күндү,
Толтуруп бар байлыкты берсе дагы.

Атагым аалам жарып турса дагы,
Алгын деп алтын-күмүш сунса дагы.
Алмашпайм эч нерсеге досторумду,
Өмүргө мүрөк суусун куйса дагы.

Жакшыны, жаманды да тең бөлүштү,
Тагдыр буйругун сен тең көрүштүң.
Тилегим – ыраазы болсун Жаратканым,
Бактымды келет сага тең бөлүшкүм.
Кубанчымды келет сага тең бөлүшкүм,
Сүйүнчүмдү келет сага тең бөлүшкүм.